**УДК 372.362**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-1-147-153**

**Теңизбек кызы А.**
окутуучу
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
mamatkulova187@gmail.com
**Бекасыл кызы А.**
магистрант
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
Joomartova_893@mail.ru
**Пайзиллаева С.Б.**
магистрант
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
Arina Jumabekova@gmail.com

# СТУДЕНТТЕРДИН КЕСИПКӨЙЛҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРАКТИКАНЫН РОЛУ

**Аннотация:** Бул макалада педагогикалык практикада студенттердин жогорку окуу жайларынан алган билимин, тажрыйбасын жана көндүмдөрүн практикада колдонууга мүмкүндүк берет жана алардын келечектеги кесиптик ишмердүүлүккө ийгиликтүү даярдоонун эффективдүү системасынын бири катары кызмат кылат. Студенттердин кесиптик-педагогикалык чеберчилигин арттырып, жалпы орто билим берүүчү мектептердин окуучулары менен келечектеги педагог өз алдынча иштерди уюштуруу, окутуу жана тарбия иштерин жүргүзүү көндүмдөрүн калыптандырат. Ошондой эле, студенттерге келечектеги өз кесибин туура тандоону жана ынанууга мүмкүндүк берет.

Студенттердин мугалимдин тарбиячылык ишмердүүлүгү кесиптик ишмердүүлүктүн өзгөчө түрү экенин, ал окуучуну инсан катары ар тараптуу калыптандырууга багытталган, мугалим-тарбиялануучунун өз ара байланышына негизделгендигин түшүнүүгө тийиш. Практикада студенттердин теориялык билиминин даярдыгы менен алардын практикалык тажрыйбасындагы ишмердүүлүгүнүн байланышын камсыз кылуучу окуу процессинин бөлүгү болуп эсептелинет. Студенттердин жогорку окуу жайларынан алган билимин, тажрыйбасын жана көндүмдөрүн практикада колдонууга мүмкүндүк берет жана алардын келечектеги кесиптик ишмердүүлүккө ийгиликтүү даярдоонун эффективдүү системасынын бири катары кызмат кылат.

**Негизги сөздөр:** Педагогикалык практика, студент, мектеп, мугалим, окуучу, теориялык билим, кесиптик даярдоо.

**Теңизбек кызы Алиса**
преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева
г. Бищкек
mamatkulova187@gmail.com
**Бекасыл кызы Анаркул**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева
г. Бишкек
Joomartova_893@mail.ru
**Пайзиллаева Ситора Ботиржановна**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева
г. Бишкек
Arina Jumabekova@gmail.com

# РОЛЬ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ПРАКТИКИ В ПРОФЕССИОНАЛЬНОМ СТАНОВЛЕНИИ СТУДЕНТОВ

**Аннотация:** В этой статье педагогическая практика позволяет студентам применять на практике знания, опыт и навыки, полученные в высшей школе, и служит одной из наиболее эффективных систем их успешной подготовки к будущей профессиональной деятельности. Совершенствуя профессионально-педагогическое мастерство учащихся, будущий учитель будет формировать навыки самостоятельной работы, учебно-воспитательной работы с учащимися общеобразовательных школ. Это также позволяет студентам выбирать и быть уверенными в своей будущей карьере.

Учащиеся должны понимать, что воспитательная деятельность учителя — это особый вид профессиональной деятельности, направленный на всестороннее формирование ученика как личности, основанный на взаимодействии учителя и воспитанника. На практике является частью учебного процесса, обеспечивающего связь между подготовкой студентов к теоретическим знаниям и их деятельностью в практическом опыте. Позволяет применять на практике знания, опыт и навыки, полученные студентами высших учебных заведений, и служит одной из эффективных систем успешной подготовки их к будущей профессиональной деятельности.

**Ключевые слова**: Педагогическая практика, ученик, школа, учитель, ученик, теоретические знания, профессиональная подготовка.

**Tenizbek kizi A.**
teacher
Kyrgyz State University named after. I. Arabaev
Bishkek c.
mamatkulova187@gmail.com
**Bekasil kizi A.**
Master's student

Kyrgyz State University named after. I. Arabaev
Bishkek c.
Joomartova_893@mail.ru
**Paizillaeva S.B.**
Master's student
Kyrgyz State University named after. I. Arabaev
Bishkek c
Arina Jumabekova@gmail.com

# THE ROLE OF PEDAGOGICAL PRACTICE IN THE PROFESSIONAL DEVELOPMENT OF STUDENTS

**Annotation** Pedagogical practice allows students to apply in practice the knowledge, experience and skills acquired in higher education and serves as one of the most effective systems of successful preparation for their future careers. By improving the professional and pedagogical skills of students, the future teacher will develop the skills of independent work, teaching and educational work with students of secondary schools. It also allows students to choose and be confident in their future careers. It also allows students to choose and be confident in their future careers.

Students should understand that the educational activity of a teacher is a special type of professional activity aimed at the comprehensive formation of a student as a person, based on the interaction of a teacher and a pupil. In practice, it is part of the educational process that provides a link between the preparation of students for theoretical knowledge and their activities in practical experience. It allows you to put into practice the knowledge, experience and skills acquired by students of higher educational institutions, and serves as one of the effective systems for their successful preparation for future professional activities.

**Keywords:** Pedagogical practice, student, school, teacher, student, theoretical knowledge, professional training.

Коомго чыгармачыл потенциалы жогору, руханий адеп-ахлактык сапаттары бийик, замандын талабына ылайык педагогикалык ой жүгүртүүсү терең, мектеп окуучусуна жана бүткүл ааламга жаңыча көз караш менен ой жүгүрткөн, профессионалдык компетенттүү мугалимге кызыкдар. Бүгүнкү күндө биринчи кезекте эркин ой жүгүрткөн, коммуникабелдүү, руханий, жаңы технологияларды колдоно билген жана кесипкөй келечектеги мугалимди тарбиялоо жана аларга билим берүү маселеси коюлууда. Бул, сапаттардын бардыгына ээ болуу үчүн адамда өзүн-өзү көзөмөлдөө жана өзүн-өзү күн сайын өнүктүрүүгө жөндөмдүү адистерди даярдоодо атайын жогорку окуу жайларында студенттер үчүн педагогикалык практика абдан маанилүү орунду ээлейт. Ал эми педагогикалык практика окуу процессинин ажырагыс бир бөлүгү болуп эсептелинет.

Педагогикалык кадрларды кесиптик даярдоо системасындагы маанилүү практиканын бири - бул педагогикалык практика жана анын негизги милдети конкреттүү педагогикалык көйгөйлөрдү чечүүдө коомдук-саясий, психикалык, педагогикалык жана атайын билимдерди пайдалануу процессинде аларды тереңдетүү жана бышыктоо, кесиптик калыптандыруу жана өнүктүрүү, педагогикалык ишке карата

чыгармачыл, изилдөөчүлүк мамилени жаратуу, жалпы орто билим берүү мектептеринде алдыңкы тажрыйба менен тааныштыруу болуп эсептелинет. [1]

Адистерди даярдоодогу бүткүл окутуу процессинин ажырагыс бир бөлүгү болгон, практикалык ишмердүүлүк кесиптик иш билгиликтин сапатын, эмгек жааматтарындагы уюштуруучулук жана тарбиялык иштин негиздерин бекемдөөгө арналып, педагогикалык практика процессинде студенттерде коомго пайда келтирүүгө умтулуусу, жоопкерчилик сезим менен жана милдет сыяктуу сапаттар жаралат. Педагогикалык практика – студенттин окуу ишинин татаал жана көп жактуу түрүнүн бири. Студенттин практика учурунда биринчиден, өздөрү жогорку окуу жайдын мугалимдеринин жетекчилиги менен окуп үйрөнүшөт; экинчиден билим алуучулардын ишмердүүлүгүн уюштурушат, окуучулар коллективи менен иштешип, мугалимдердин, класс жетекчилердин тажрыйбасын үйрөнүшөт, алардан окуучуларды окутуу-тарбиялоо иштерин жүргүзүү маселеси боюнча консультация алышат, өз иштерин мугалимдердин жана класс жетекчилердин пландары менен айкалыштырышат.

Студенттердин мугалимдин тарбиячылык ишмердүүлүгү кесиптик ишмердүүлүктүн өзгөчө түрү экенин, ал окуучуну инсан катары ар тараптуу калыптандырууга багытталган, мугалим-тарбиялануучунун өз ара байланышына негизделгендигин түшүнүүгө тийиш. Практикада студенттердин теориялык билиминин даярдыгы менен алардын практикалык тажрыйбасындагы ишмердүүлүгүнүн байланышын камсыз кылуучу окуу процессинин бөлүгү болуп эсептелинет. Студенттердин жогорку окуу жайларынан алган билимин, тажрыйбасын жана көндүмдөрүн практикада колдонууга мүмкүндүк берет жана алардын келечектеги кесиптик ишмердүүлүккө ийгиликтүү даярдоонун эффективдүү системасынын бири катары кызмат кылат. Студенттердин кесиптик-педагогикалык чеберчилигин арттырып, жалпы орто билим берүүчү мектептердин окуучулары менен келечектеги педагог өз алдынча иштерди уюштуруу, окутуу жана тарбия иштерин жүргүзүү көндүмдөрүн калыптандырат. [1]

Ошондой эле, студенттерге келечектеги өз кесибин туура тандоону жана ынанууга мүмкүндүк берет. Атайын педагогикалык практика боюнча түзүлгөн окуу-методикалык колдонмолор, китептер студенттердин окуу курсуна ылайык, педагогикалык практикадан өтүү учурунда жана квалификациясын жогорулатуунун жекече мазмунун ишке ашырууда мүмкүндүк берүүчү кеңештерди жана сунуштарды камтыйт. Окуу-методикалык колдонмолор өз ишмердүүлүгүн анализдөөгө жана зарыл болгон учурда кесиптик ишмердүүлүктө жетишкендикке жетүү үчүн аны өз алдынча методикалык ой-жүгүртүүгө жардам берет.[2]

Педагогикалык практиканы өтөө мезгилинде, студент кесиптик-педагогикалык чеберчиликти, окуу-тарбия иштерин өз алдынча жүргүзүүнүн шык-жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн өздөштүрөт.

Педагогикалык практиканын базасы болуп университетке бекитилген жалпы билим берүүчү мектептер, гимназиялар жана мектеп – лицейлер эсептелет.

Педагогикалык практиканын мөөнөттөрү жана мазмуну мамлекеттик стандарт, окуу планы жана профиль боюнча программалар аркылуу аныкталат.[2]

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Педагогика жана психология институтунун педагогикалык практикадан өткөн студенттердин негизги милдеттер жана максаттары коюлат, практика учурунда студент кесиптик-

педагогикалык чеберчиликти, окуу-тарбия иштерин өз алдынча жүргүзүүнүн шык-жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн өздөштүрөт.

Педагогикалык практикада негизги – документ күндөлүк болуп эсетелинет. Ал төмөнкүдөй бөлүмдөргө бөлүнөт: педагогикалык практиканын милдеттери; класстын окуучулары менен таанышуу;алардын тизмесин түзүү;класска кыскача мүнөздөмө берүү үчүн бөлүм; студент-практиканттын укуктары жана милдеттери; практика убагында графиктик план; күндөлүк жазууларды киргизүү; зачеттук сабактардын баалары; ар бир жумадагы тарбиялык иштердин баалары; отчеттун схемасы жана отчеттун өзү. [1]

Студент-практикант мектеп, мектептин директору, анын орун басарлары, класс жана башталгыч класстын мугалиминин педагогикалык ишмердүүлүгү менен жакындан таанышат. Окуу-тарбия иштери боюнча мугалимдин бардык иштерин талдайт, иш-кагаздарын жүргүзүү көндүмдөрүнө ээ болот. Кантип окутуу керек жана канткенде тажрыйбалуу мугалим болом деген изилдөө ишин жүргүзүү менен студент – практикант рефлексивдүү окутуу тажрыйбасына ээ болот. Практикант эксперименталдык изилдөөнүн долбоорун жүргүзөт жана практика жүзүндө кесибин үйрөнүүсүн өнүктүрөт.[2]

Педагогика 550700 багытынын “Башталгыч билим берүү” профилинин педагогикалык практикасы төмөнкүдөй этаптардан турат:

I. 2 - курста АП - адаптациялык- педагогикалык практика;
II. 3 - курста КП - кесиптик - базалык практика;
III. 4 - курста КПП - кесиптик - профилдик практика
IV. 4 - курста Квалификациялык практика

Педагогикалык практиканы уюштуруу жана жүргүзүү.

Педагогикалык практиканы уюштуруунун конференциясы.

Белгиленген график боюнча педагогикалык практикадан өтүүчү студенттер, практиканы уюштуруучу жана жетектөөчү адистер,кафедранын методистери практика алдындагы конференцияга катышат.

Конференцияда жалпы практика жөнүндө маалыматтар менен бирге кафедра тарабынан көзөмөлдөөгө алына турган башталгыч мектепте мекен таануу, математика боюнча жүргүзүлүүчү окуу-тарбия иштери жөнүндөгү тиешелүү жалпы сунуштар, көрсөтмөлөр берилет.Алар:

-Бөлүнгөн класстар боюнча дисциплина боюнча окуу мазмуну көлөмүнө ылайык иш-чараларды натыйжалуу жүргүзүү;

-Мугалимдин иш-кагаздарын өздөштүрүү;

-Окуучулар менен педагогикалык-психологиялык жактан жакшы мамиле түзүү;

- Педагогикалык чеберчиликтин арттыруу, тажрыйба топтоо;

-Группа жетекчилиги,кафедранын методисттеринин, пикирлерин кабыл алуу жана алардын үстүндө иштөө;

-үйрөнчүк жана зачеттук сабактарын өткөрүү;

-Рефлексивдүү журнал/күндөлүк толтуруу;

-Портфолио түзүү;

-Көрсөтмө каражаттарды иштеп чыгуу.

Биз студенттерди педагогикалык практикага даярдоо абдан маанилүү учур болуп саналат учуп болуп эсептелинет. Бул студенттердин кызыкчылыктарын жана муктаждыктарын, алардын окуу процесси алардын алдында турган милдеттерди так

туура түшүнүү аркылуу мектеп практикасынан өтүү.Студенттер мектепке алгачкы практикасына барардан мурун келечектеги практиктер менен алар эмнени күтүп жаткандыгы жөнүндө суроо берүү жоопторду талдоо ар түрдүүлүктү көрсөтөтүп студенттердин күтүүлөрү педагогикалык практикада жакшы көрсөткүч. Ошондой эле педагогикалык практика дагы негизи кесип тандоонун тууралыгына ээ болуу мүмкүнчүлүгү; башкалар үчүн - өзүңүздү билдирүү, үйрөнүү жана инсандык касиеттериңизди текшерүү жолу (чыгармачылык, өз алдынчалуулук, чечим кабыл алуу жөндөмү); үчүнчү, кулк-мүнөзү тартынчаак жана уялчаак, өзүңүздү коркпоого мажбурлоого класстагы окуучулар менен бат тил табышуу .

Педагогикалык практика студенттердин кесиптик-педагогикалык чеберчилигин жана жалпы орто билим берүүчү мектептердин окуучулары менен өз алдынча окутуу,үйрөтүү теориядан алган билимдерин практикада колдонуу жана тарбия иштерин жүргүзүүнүн көндүмдөрүн калыптандырат.

Педагогикалык практика студенттерге келечектеги кесибин тандоонун тууралыгына акыры ынанууга мүмкүндүк берет. Дагы бир маанилүү маселелердин бири болуп – студент педагогикалык практикадан өтүп жатып, келечектеги педагог болуучу студенттерди мектепке, окуучуга, ата-энеге мыкты мугалим кылып тарбиялап,шыктандырып кызыктырган мекеме болуп саналат. Албеетте алардын кызыгуусун арттыруу мектеп практика мугалимдин эмгек акысында эске албай кою мүмкүн эмес.. Эгерде практикага максат койсоңуз мугалим катары сезүү мүмкүнчүлүгүн берүү, ансыз деле кыйын айланып өтүү мүмкүн эмес. Эмгек акы практикага болгон мамилени өзгөртө алат – демек практикага акы төлөнүүчү жумуш же кошумча жумушка айланат, демек, студенттерге педагогикалык практиканы өздөштүрүүгө кошумча стимул кесиби боюнча.

Педагогикалык практиканын натыйжаларын талдоо бул акы төлөнүүчү болуп саналат, азыркы шарттарда эмгек акы экенин көрсөтүп турат практиканттардын ишинин маанилүү мотиви болуп саналат. Студенттердин кызыгуусун арттырууда дагы бир резерв педагогикалык практика алардын өз классында апробациялоосу болуп калышы мүмкүн долбоору (иштер, иш-чаралар ж. б.). Ошентип, бир жагынан педагогикалык практиканын муктаждыктарга жана кызыкчылыктарга багытталышына жетишишет.

Педагогикалык практика толук салым кошуу үчүн болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу, анын сахналаштыруу позитивдерди эске алуу менен дайыма модернизацияланып турушу керек учурлар жана кемчиликтер. Бул учурда гана практикалык иш-чаралар келечектеги мугалимдер негизги максатка жетүүгө көмөктөшөт – тиешелүү деңгээлдеги квалификациялуу адисти даярдоо жана өз кесибинде эркин сүйлөгөн, натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү профилдин кесиптик өсүүгө даяр дүйнөлүк стандарттардын деңгээлинде иштөө социалдык жана кесиптик мобилдүүлүктүн.

Жогоруда белилеп кеткендей педагогикалык практика окутуунун маанилүү бөлүгү болуп эсептелинип келет. Педагогдун көз карашы мектептин социалдык мамилелерин, мектептин түзүмүн жана окуучулардын реалдуулугун камтышы керек.

Студенттердин кесиптик даярдыгынын бардык деңгээлдеринде педагогикалык практиканы жакшы ойлонуштуруп уюштуруу, ырааттуулук принциптеринде анын ар кандай түрлөрүн этап-этабы менен өткөрүү, анын тапшырмаларын акырындык менен татаалдаштыруу студенттерди кесиптик-педагогикалык даярдоодо, алардын окуучулар

менен окуу-тарбия иштеринин жөндөмдөрүн калыптандырууда, өспүрүм курактагы мектеп окуучуларынын тарбиячысынын инсандык кесиптик маанилүү сапаттарын калыптандырууда чоң мааниге ээ .

**Колдонулган адабияттар**

1.Байсалов Д.У., Казиева Г.К., Узакова М.К. В сборнике: Современные направления психолого-педагогического сопровождения детства. Материалы VI Международной научно-практической конференции. Под.редакцией [Текст]/ Г.С. Чесноковой, Е.В. Ушаковой. – Б.– 2019. – №4. 12-17 бб.

2. Жогорку мектептин педагогикасы [Текст]/ Раимкулов А.С, Акиева Г.С, Асипова Н.А, Сатыбекова Т.С.Б. – 2017. – №4. – 173-177 б.

3.“Табигый математикалык билимдер жана аларды башталгыч мектепте окутуунун технологиясы” кафедрасынын педагогикалык практика боюнча программасы [Текст]/ п.и.к.Казиева Г.К, ардактуу профессор Коңурбаева Ж.С., Теңизбек кызы А. – Б –2022. 3-12 б.

4.Узакова М.К. Башталгыч класстарда (3–4-класстардын мисалында) математика сабагын окутуунун жаңыча методдору [Текст]/ //Вестник КГУ имени И. Арабаева. – № 1. – Бишкек, – 2023. – 206-209 бб.

**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. Джапарова З.Б.**